**ОшМУнун теология факультетинин Окумуштуулар Кеңешинин жыйынынын**

**№ 2-Токтому**

Төрагасы- З.К. Ажимаматов Ош шаары, 10.11.2021-ж.

Катчысы- А. Керимкулова

Катышкандар:

1. Абдуганиев А. - Окутуучу, илимий иштер боюнча декандын орун басары
2. Ажимаматов З.- Декан
3. Жумабаев М.- Окутуучу, тарбия иштери боюнча декандын орун басары
4. Жусубалиев А.- Доцент, кесиптик бирликтин төрагасы
5. Зууридинов Ө.- Окутуучу, практика боюнча жетекчи
6. Калбердиев А.- Доцент
7. Козукулов Т.- Доцент, окуу иштери боюнча декандын орун басары
8. Масиралиев Ш.- Ага окутуучу, кафедра башчысы
9. Тажибаев С.- Окутуучу, окуу-усулдук кеңештин төрагасы
10. Тойчуев А.- Жаштар Кеңешинин төрагасы

Себептүү :

1. Арипов Н.- Доцент
2. Кадыров М.- Ага окутуучу

**Күн тартиби:**

1. Абитуриенттерди кабыл алуунун жана аларды Түркияга жөнөтүүнүн жыйынтыгы жөнүндө декан З. Ажимаматовдун баяндамасы.
2. Студенттердин сабактарга катышуусун талкуулоо жана жыйынтык чыгаруу жөнүндө декан З. Ажимаматовдун баяндамасы.
3. Факультеттин окуу-усулдук иштеринин жүрүшү жөнүндө окуу-усулдук кеңешинин башчысы С. Тажибаевдин баяндамасы.
4. Ар түрдүү маселелер.

**I маселе**

**Угулду:** Кеңештин төрагасы *З. Ажимаматов* күн тартибиндеги биринчи маселе боюнча төмөндөгүлөргө токтолду:

Теология факультетине 2021-2022-окуу жылында бакалаврга 45 абитуриент, алардын ичинен 35 кыз, 10 эркек бала окуу үчүн документтери кабыл алынды. Түркияга

Scanned with CamScanner

43 абитуриентин документтери виза иштерине тапшырылды, 2 абитуриент белгилүү бир себептерден улам окуудан четтетилген. Жыйынтыгында 33 кыз (1 Өзбекстандын жараны) жана 10 эркек бала (8 Өзбекстандын жараны) Түркияга жөнөп жатышат. Билетти ишембиге алынды, 13-ноябрь күнү учуп кетишет.

Быйыл Өзбекстандан 9 (тогуз) абитуриент тапшырды. Биз 2019-2020-окуу жылында биринчи жолу пилоттук түрүндө 3 чет элдик абитуриент кабыл алганбыз, бул окуу жылы да байкап көрүшүбүз керек. Себеби сапатка да көнүл бурушубуз зарыл.

Өткөн окуу жылында профориентация иштери начар болгондугу көрүнүп турат, жаңы окуу жылга карата региондордо кабыл алууга профориентация иштерин улантуу керек деп ойлоймун. Эң жакшы реклама бул биздин студенттер, студенттерге жакшы билим беришибиз керек, студенттер бизге тирүү реклама болуп беришет.

**II маселе**

**Угулду:** 2-маселе боюнча *З. Ажимаматов* сөз сүйлөдү:

Катышуу ар жумада текшерилет, биздин факультетте студенттердинкатышуусу жакшы. Мисалы бүгүнкү катышуу 98,9 % түздү. Катышуусу 70 % дан төмөн факультеттер отчет берип жатышат. Ошондой эле студенттердин рейтингинин анализи көрсөткөндөй орточо баллы - 70.

**Жарыш сөзгө чыкты** *Кошубаева С.:* ОИДден кабар келди ар бир аудиторияга камера коюу маселеси каралып жатат. Ошондо ОИДдин методисттери келбей эле камера аркылуу көзөмөлдөшөт.

*Ажимаматов З.:* Эгерде студент жооп сураса же ооруп келбей калса, аны методисттер кандай билишет? Ал маселени дагы талкуулашыбыз керек экен.

**III маселе**

**Угулду:** 3-маселе боюнча факультеттен окуу-усулдук кеңешинин башчысы *С. Тажибаев* сөз сүйлөдү:

2021-2022-окуу жылына факультеттин окуу-усулдук иштеринин бир жылдык иш планы түзүлгөн. О.э. ОшМУнун илимий-усулдук борборунун талаптарына ылайык факультеттеги ачык сабактардын, өз ара сабактарга катышуунун, илимий-усулдук семинарлардын графиктери түзүлүп, бекитилген. План боюнча иш жүрүп жатат. Ректораттан быйыл аккредитация өтө турган факультетер жумушчу план түзүп, отчетторду тапшыргыла деп талап кылып жатышат. Биз аккредитациядан бакалавр программасы боюнча кийинки жылы өтөбүз.

Scanned with CamScanner

*Ажимаматов З.:* Окуу-усулдук кеңештин чогулуштардагы жаңылыктары ватсап аркылуу да болсо кабар берилип туруусу зарыл. Анан аккредитация боюнча даярдык иштерди баштабыз керек. Урматтуу агайлар, бакалавр программасы боюнча Козукулов Тимур, ал эми колледж программасы боюнча Масиралиев Шумкар жооптуу. Аккредитацияга даярдануу үчүн иш пландар боюнча иш жүргүзөбүз. Ошондой эле дипломдук иштер боюнча иштер кандай жүрүп жатат Шумкар агай?

*Масиралиев Ш.:* Дипломдук иштердин темалары тактальп 100 % бүттү. Кафедранын кеңешмесин белгилеп, сиздерге кабар айтамын.

**Ар түрдүү маселелер:**

**I. Угулду:**

Кеңештин төрагасы З. Ажимаматов 2021-жылдын 28-ноябрында КРдин Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо боюнча уюштурулган үгүт иштерине аралашкан деп ОшМУнун ректору, физика-математика илимдеринин доктору, профессор Кудайберди Гапаралиевич Кожобековду ээлеген кызматынан мыйзамсыз кеткендигине байланыштуу, аны кайрадан ээлеген кызматына алып келүү маселесин талкууга салды. Кудайберди Гапаралиевич жумушун кайра улантсын дегн оюн билдирди. Ошондой эле Кеңештин мүчөлөрүнөн ой-пикир жана сунуштарын сурады.

*Зууридинов Өскөнбай:* Кудайберди Гапаралиевич буга чейинки өрнөктүү иштерин жана билим берүү системасын жакшыртууга салымын кошкондугун эске алуу менен ээлеген кызматына кайра алып келүүнү суранабыз.

*Жумабаев Максатбек:* Кылмышты кылган жооп берсин. Ректорго эч кандай эскертүү жана сөгүш жарыялабай туруп, жумуштан бошотуу бул акыйкатсыз!

*Али Жусубалиев:* ОшМУнун ректору, физика-математика илимдеринин доктору, профессор Кудайберди Гапаралиевич Кожобеков ээлеген кызматынан мыйзамсыз бошотулду деп ойлом. Бул юридикалык жактан да мыйзам бузуу деп эсептейм. Бул маселени сөзсүз анализдөө керек. Шашылыш түрдө туура эмес чечим чыгарылды. Ошондуктан президентибизге кат менен кайрылып, оң жагына чечип берүүсүн суранбыз.

Калган Кеңештин мүчөлөрүнүн көпчүлүгү сунуштарды колдоп, Кудайберди Гапаралиевичти кайрадан ээлеген кызматнына алып келүүсүн суранды.

**II.** Практика башчысы *Ө. Зууридинов* орто кесиптик багыттагы окуу-таанышуу, окуу-өндүрүштүк жана квалификациялык практикаларды уюштуруу боюнча жобо.

Scanned with CamScanner

**Угулду:** Практика башчысы *Ө. Зууридинов* орто кесиптик багыттагы окуу-таанышуу, окуу-өндүрүштүк жана квалификациялык практикаларды уюштуруу боюнча жобону талкуугa салды. Ө. Зууридинов жобонун ар бир пункту менен кеңештин мүчөлөрүн тааныштырып чыкты. Жобо тиркелет.

III. Кеңештин төрагасы З. Ажимаматов ректораттагы чогулушта каралган маселелер боюнча кабар берди.

**Угулду:** Контракт төлөмдөрүн банк аркылуу эмес, терминал аркылуу төлөшүн колледждин методистине колледждин студенттерине жеткирүүсүн суранды. Себеби банк аркылуу төлөгөн учурда универститеттин эсебине көп убакытта түшөтурганын, ал эми терминал боюнча аз убакытта түшөрүн айтты. Учурунда маалымат жетпей калса, студенттерге AVN порталынан кирүү мүмкүнчүлүк берилбей калаарын айтып кетти.

Ошондой эле электрондук өздүк баракчаны окутуучу курамы толтуруусу керек. Келечекте ар бир окутуучунун рейтингине карап тарификация бекитилет жана өздүк баракчадагы критерийлерге жооп берип иш жүргүзсө, айлык маянасы да көтөрүлөтурганын айтты.

Окуудан четтеткен студенттердин ата-энесине кат жөнөтүп кабар берүүнү эстетип кетти.

Ошондой эле окуу жайдын ичинде жана айланасында уруксатысыз баннер, флайер илинбөөсү жана эч кандай үгүт иштери жүргүзбөш керек. Студент болобу, кызматкер болобу, бир партиянын өкүлү болсо ошол окуу жайдын уруксатысыз үгүт иштери жүргүзүүгө мүмкүн эмес. Эгерде агитатор болуп иштегиси келген кызматкер болсо, анда арыз менен кайрылып, «Мен ушул партиянын агитатор болуп иштеймин, ошол үчүн ушул күндөн ушул күнгө чейин жумуштан убактылуу бошотуп турууңузду суранам» деп буйрук чыгартып, иштесе болоорун маалымдады.

Жогорудагыларды угуп жана талкуулап, факультеттин

**Кеңеши токтом кылат:**

1. Профориентация иштерин жакшыртуу боюнча иш чаралар иштелип чыгылсын. Факультетке 2022-2023-окуу жылга карата региондордо абитуренттерди тартуу боюнча иштер улантылсын. Видеоролик жана брошюралар жаңылынсын.

Scanned with CamScanner

2. Окуу жылынын башынан бери сабактарга келбеген жана сабактарга начар катышкан студенттер менен тийиштүү кураторлор иш алып барсын.
3. Жетишүүсү төмөн студенттер менен жекече иштөө жагы тиешелүү окутуучугажүктөлсүн.
4. Катышуунун жыйынтыгы тайпаларда талкуулансын. Сабактарды көп калтырган студенттер менен кураторлор себебин аныктап иш алпарсын.
5. Факультетин окуу-усулдук Кеңешинин иши мындан ары да жакшыртылсын. Окуу предметтери боюнча силлабустардын, жумушчу программалардын сапаттуу түзүлүү жоопкерчилиги кафедра башчысына, окуу-усулдук кеңештин башчысына жүктөлсүн.
6. КРдин Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо боюнча уюштурулган үгүт иштерине аралашкан деп ОшМУнун ректору, физика-математика илимдеринин доктору, профессор Кудайберди Гапаралиевич Кожобековду ээлеген кызматынан мыйзамсыз кеткендигине байланыштуу, аны кайрадан ээлеген кызматына келсин.
7. Бул чечим ОшМУнун Окумуштуулар кеңешинде каралып, президент С.Н. Жапаровго кайрылуу кат менен кайрылуу суралсын.
8. Орто кесиптик багыттагы окуу-таанышуу, окуу-өндүрүштүк жана квалификациялык практикаларды уюштуруу боюнча жобо кабыл алынсын.
9. Факультеттин айланасында уруксатысыз шайлоо жөнүндө үгүт иштери өткөрүү боюнча көзөмөлдөө факультеттин коменданты У. Эргешовго милдеттендирилсин.

**Кеңештин төрагасы** **З. Ажимаматов**

**Кеңештин катчысы** **А.Керимкулова**

Scanned with CamScanner

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН**

**БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**

**ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ**

**ТЕОЛОГИЯ ФАКУЛЬТЕТИ**

**Дин таануу жана гуманитардык предметтер кафедрасы**

**Орто кесиптик багыттагы (окуу-таанышуу, окуу-өндүрүштүк, квалификациялык) практикаларды уюштуруу боюнча**

# ЖОБО

Бул жобо ОшМУнун 24-бюллетенини негизинде даярдалды.

**Ош – 2021**

Scanned with CamScanner

ОшМУнун теология факультетинин

Окумуштуулар кеңешинин жыйынында

талкууланган жана бекитилген:

Протокол № ___ "___" ____________

Декан: ____________ З. Ажимаматов

Катчы: ____________ А. Керимкулова

Орто кесиптик багыттагы практикалардын жобосу

Күндүзгү бөлүм

Адистиги: "теолог"

Курс-I/II/III

Семестр-II/III/IV/V/VI

Мөөнөтү:

Жыйынтыгы: экзамен

Түзгөн: Ө. Зууридинов

Scanned with CamScanner

## 1. Жалпы жоболор

1. Ош мамлекеттик университетинин атайын орто жана бакалавр деңгээлиндеги билим берүү программаларын окутуунун бардык түрлөрүндө окуган студенттер үчүн өткөрүлүп жаткан практикалар, адисти даярдоодогу кесиптик компетенцияларды калыптандыруучу окуу процессинин формасы катары каралат.

2. Практикалардын көлөмү жана түрлөрү жогорку жана атайын кесиптик билим берүү багыттары жана адистиктери боюнча мамлекеттик билим берүү стандарттарында белгиленген талаптардын негизинде бекитилет.

3. Практиканын максаттары жана милдеттери тийиштүү окуу–усулдук бирикмелер тарабынан (ОУБ) жана жогорку жана орто кесиптик билим берүү тарабынан сунушталган практиканын программалары аркылуу бекитилет.

4. Факультеттерде жана колледждерде адистештирилген кафедралар тарабынан адистиктерди даярдоонун өзгөчөлүктөрүнө жараша бардык практикаларды өткөрүү боюнча жумушчу программалар, силлабустар даярдалат жана кафедра, окуу-методикалык кеңештин макулдугу менен бекитилет.

## 2. Практикалардын түрлөрү

Университеттеги практикалардын негизги түрлөрүнүн багыттары, адистиктердин окуу пландарына ылайык аныкталат. Алардын негизгилери болуп **окуу-таанышуу, өндүрүштүк** жана **квалификациялык практика** эсептелинет.

2.1. **Окуу-таанышуу практикалары** теориялык билиминин негизинде алгачкы кесиптик көндүмдөрдү калыптандыруу максатында тийиштүү мекемелердин базасында уюштурулат.

2.2. **Өндүрүштүк практика** окутуу ишмердүүлүгүндө түздөн-түз студенттердин практикалык көндүмдөрүнө багытталган. Адистиктерди даярдоо боюнча жалпы маданий жана кесиптик компетенттүүлүгүн иш жүзүндө уюштуруунун конкреттүү материалдардын негизинде айрым милдеттерди ишке ашырууда кесиптик көндүмдөрдү калыптандырууга багытталган. Кесиптик жана орто билим берүүнүн багытына жана адистигине жараша өндүрүштүк мекеме-уюмдарда өткөрүлөт.

2.3. **Квалификациялык практика** окутуунун жыйынтыктоочу этабы болуп эсептелет жана ал студенттер тарабынан окутуунун теориялык, практикалык программасы толук өздөштүрүлгөндөн кийин адистигине таандык мекеме-уюмдарда гана өткөрүлөт.

Scanned with CamScanner

**3. Практиканы уюштуруу:**

3.1. Практикаларды уюштуруудагы талаптар кесиптик жогорку жана атайын орто билим берүүнүн мамлекеттик стандарттарынын негизинде түзүлөт жана факультеттеги студенттердин практикасы жөнүндөгү жумушчу программалар менен такталат;

3.2. Практикаларды уюштуруу бекитилген окуу жүктөмдөрдүн графиги боюнча кафедранын, декандын билдирүүсү, өндүрүштөр менен байланыштар департаментинин макулдугу, ректордун буйругу менен келишими бар мекемелерде жүргүзүлөт;

3.3. Окуу-таанышуу, окуу-өндүрүштүк жана квалификациялык практикаларга усулчу катары бүтүрүүчү кафедрада саат жүктөмдөрү бар окутуучулар дайындалат;

3.4. Практиканын башталышына чейин факультеттин практика жетекчиси студенттер үчүн багыт берүүчү семинар-кеңешме өткөрөт;

3.5. Практикага студенттерди жөнөтүү боюнча жумушчу иш кагаздары (билдирүү, буйрук) практика башталышына 10 күн калганга чейин даярдалып, ректоратка кол коюуга берилет;

3.6. Практикаларды өткөрүүнүн мөөнөттөрү окуу планынын жана окуу процессинин календардык графиктеринин негизинде белгиленет;

3.7. Алыскы район-шаарларда жүргүзүлгөн практикаларды онлайн аркылуу өткөрүүгө болот (департаменттин жана кафедранын макулдашуусу менен);

3.8. Практика өтөө мезгилинде студенттер ваканттык кызмат орундарга дайындалышы мүмкүн. Штаттык орунга кабыл алынган студенттердин эмгек акысы Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин жана студент менен мекеменин ортосунда түзүлгөн келишимдин негизинде төлөнөт;

3.10. Мекемелердеги практика өтөп жаткан студенттердин жумушчу күнү алардын жаш өзгөчөлүктөрүнө жараша жүргүзүлөт (КРнын Эмгек Кодексине ылайык):

-15 жаштан 16 жашка чейинки студенттер жумасына 24 саатка чейин;

-16 жаштан 18 жашка чейинки студенттер жумасына 36 саатка чейин;

-18 жаштан жогорку студенттер жумасына 40 саатка чейин эмгектенишет;

3.11. Практиканын уюштурулушун жана өткөрүлүшүн анализдөө, жалпылоо жана сапатын жогорулатуу максатында факультеттин практика жетекчиси жана кафедра башчысы жыйынтыктоочу конференцияларды уюштурат;

3.12. Практиканын жүрүшүн көзөмөлдөө максатында практикага жетекчилик кылган кафедранын окутуучуларынын (усулчулар) аткарган жүктөмдөрү тайпалык журналдарга катталышы милдеттендирилет.

**5. Кафедра башчысы:**

Scanned with CamScanner

5.1. Жаңы окуу жылында студенттерди практикадан өткөрүү боюнча мекемелер менен келишимдерди тактап, практиканы өтөө боюнча жумушчу программаларды жана календардык графиктерди алдын ала макулдашуу иштерин жүргүзөт;

5.2. Практикадагы саат жүктөмдөрдү тажрыйбалуу, тиешелүү өндүрүштү өздөштүрө билген кафедранын мүчөлөрүнө бөлүштүрөт;

5.3. Практиканын күндөлүгүн адистигине жараша практика жетекчиси менен ОшМУнун №24 практиканы уюштуруу боюнча жобосунун негизинде иштеп чыгат;

5.4. Практиканы өткөрүүгө тиешелүү болгон иш берүүчүлөр менен практиканын уюштурулушуна, сапатына жана мөөнөттөрүнүн сакталышына көзөмөл жүргүзөт;

5.5. Практиканын жыйынтыгында аккредитациянын талабына ылайык практиканттардын ишин баалоону уюштурат жана комиссиянын курамында баалоо процессине катышат.

**6. Практика жетекчиси:**

6.1. Практика башталганга чейинки мөөнөттө мекемелерге студент – практиканттарды жөнөтүү боюнча даярдык иштерин жүргүзөт;

6.2. Студент-практиканттардын практиканын программалары жана күндөлүктөрү менен камсыздалышына түздөн-түз жооптуу;

6.3. Практика өткөрүлүүчү базаларга практикалардын жумушчу програмаларын, графиктерин сунуштайт жана саат жүктөмдөрү бар окутуучулар менен студенттерди жайгаштыруу иштерине катышат;

6.4. Жекече тапшырмалардын тематикаларын саат жүктөмдөрү бар окутуучулар менен бирге иштеп чыгып, студенттер тарабынан алардын аткарылышы боюнча методикалык кеңештер жана жардамдарды уюштурат;

6.5. Факультеттеги адистик боюнча окуу-таанышуу, окуу-өндүрүштүк, квалификациялык багытта өткөрүлүүчү практикалардын иш чараларын жөнгө салуу менен, практикага тиешелүү болгон ректордун көрсөтмөлөрүнүн, буйруктарынын жана өндүрүштөр менен байланыштар департаменти тарабынан берилген сунуштардын жана тапшырмалардын негизинде иш алып барат;

6.6. Жаңы окуу жылында өткөрүлүүчү студенттердин практикасынын графигин түзөт жана аны «Өндүрүштөр менен байланыштар» департаментине тапшырат;

6.7. Практикаларды өткөрүүгө карата жумшалуучу каражаттардын жалпы чыгымдарын түзүүгө катышат;

6.8. Практика өткөрүлүүчү базаларга студенттерди бөлүштүрүү боюнча кафедранын билдирүүлөрүн кабыл алып, факультет боюнча ректордун атына билдирүү жана буйруктун проектисин даярдайт;

6.9. Келишим түзүлгөн мекеме-уюмдарга практиканын графигин, жумушчу программаларын алдын ала сунуштап макулдашуу иштерин жүргүзөт;

Scanned with CamScanner

6.10. Өндүрүштөр менен байланыштар департаменти менен биргеликте практика өткөрүү боюнча мекемелер менен келишимдерди түзүү боюнча иш-чараларды жүргүзөт;

6.11. Практиканттарды мекемелерге өз убагында жөнөтүлүшүнө көзөмөл жүргүзөт;

6.12. Практикага тиешелүү болгон материалдар менен кафедраны камсыздоо иштерин уюштурат;

6.13. Практика өтүүчү группалардын студенттери үчүн практиканын максаты, мөөнөттөрү, практиканын программасы, күндөлүктү толтуруу жана отчеттуулук боюнча семинар, багыттоочу жана жыйынтыктоочу конференцияларды уюштуруп өткөрөт;

6.14. Практиканын жыйынтыктары боюнча өндүрүштөр менен байланыштар департаментине отчет берет;

6.15. Факультеттин Окумуштуулар Кеңешине практика маселелери боюнча отчет берет жана чечимдердин долбоорун даярдайт;

6.16. Өндүрүштөр менен байланыштар департаменти тарабынан өткөрүлгөн жыйындарга катышат.

**7. Саат жүктөмдөрү бар окутуучу-усулчулар:**

7.1. Мекемелерде студенттердин эмгектенүүсүнө болгон шарттардын түзүлүшүнө жана студенттер үчүн эмгек тартибин жана техникалык коопсуздукту сактоо боюнча инструктаждардын өткөрүлүшүнө көзөмөл жүргүзүшөт;

7.2. Студенттердин практика боюнча эсеп–кысап иштерин карап чыгып, алардын иш аракеттерине талдоо жүргүзүп, өзүнүн эсеп–кысабын жана студенттердин практикалык даярдыгын өркүндөтүү боюнча сунуштарын практика жетекчисине билдиришет;

7.3. Практиканттарды практиканын программалары, жалпы жана жекече тапшырмалар менен камсыз кылышат;

7.4. Практиканттар тарабынан мекемелердеги жана уюмдардагы ички тартиптин сакталышына жана практиканын программасынын аткарылышына жардам беришет;

7.5. Практиканттын күндөлүгүн текшерүүдөн өткөргөндөн кийин факультеттин практика жетекчисине тапшырышат.

**8. Практиканы өтөө учурундагы студенттин милдеттери:**

8.1. Практиканын программасында каралган жалпы жана жекече тапшырмаларды, көрсөтүлгөн иш чараларды аткарат;

8.2. Мекемелердеги жана уюмдардын ички эмгек тартиптерин толугу менен сактайт;

8.3. Санитардык, техникалык жана өндүрүштүк коопсуздук эрежелерди окуп үйрөнөт жана аларды сактайт;

Scanned with CamScanner

8.4. Штаттык кызматкерлердей эле аткарылган иштин жана анын натыйжаларына жооп берет;

8.5. Практика боюнча усулчуга күндөлүктү көзөмөлдөтөт, берилген тапшырмалардын аткарылгандыгы тууралуу жазуу түрүндөгү эсеп–кысапты тапшырат.

**9. Практиканын иштерин жыйынтыктоо**

9.1. Практика убагында студент мекемедеги өзү үчүн жаңылык болгон байкоолорун, практиканын программасы, жалпы жана жекече иштердин тапшырмалары боюнча аткарган иштерин, практиканын жыйынтыгы боюнча отчетту (эсеп-кысапты) жазуу үчүн керектүү материалдардын кыскача мазмунун практиканын күндөлүгүнө жазат;

9.2. Студент–практикант практика бүткөндөн кийин 10 күндүк мөөнөт ичинде күндөлүктү кафедрадагы усулчусуна тапшырат;

9.3. Практикант-студенттин отчетун кабыл алууда жана коргоодо, факультеттин практика жетекчиси сунуштаган комиссиянын курамы түзүлүп, кафедра тарабынан бекитилет *(комиссиянын курамына буйруктагы окутуучулар, профессорлор, доценттер, мүмкүнчүлүгүнө жараша мекеме ишканалардын өкүлдөрү кошулат)*;

9.4. Практиканын жыйынтыгын баалоо алдын ала белгиленген критерийлер боюнча комиссиянын чечиминин негизинде практикантка балл (максимум 100 балл) ыйгарылып, сынак баасы коюлат. Студенттердин практика боюнча иштерин баалоо учурунда мекемелердеги практика боюнча усулчулар тарабынан берилген мүнөздөмөлөр эске алынат;

9.5. Практиканын жыйынтыктары факультеттеги жалпы өткөрүлүүчү илимий практикалык конференцияларда талкууга алынып, жетишкендиктер жана кемчиликтер жыйынтыкталат;

9.6. Практиканын программасын ар түрдүү себептер менен толук аткарбаган студент сабактан сырткаркы убакта практикага кайрадан жөнөтүлүшү мүмкүн. Ал эми практиканын программасын себепсиз түрдө аткарбаган, же болбосо «канааттандыраарлык эмес» баа алган студенттер университеттин Уставына жана ушул Жобонун талаптарына ылайык, академиялык карызы үчүн окуудан чыгарылат;

9.7. Кафедранын практика усулчулары практика аяктагандан кийинки 1 айдын ичинде практиканын иш кагаздарын (эсеп–кысабын) факультеттин практика жетекчисине өткөрүп беришет;

9.8. Практиканын иш кагаздары (буйрук, ведомость, отчет,) 3 жылга чейин сакталат. Практиканын отчеттору ОшМУнун архивине өткөрүлөт же факультеттердин архивдик кабинеттеринде сакталат. Сакталуу мөөнөтүнөн кийин студенттердин отчеттору бүтүрүүчү кафедралар тарабынан түзүлгөн комиссиянын чечими менен практика боюнча департаменттин макулдугу менен жокко чыгарылат.

Scanned with CamScanner

## «Анализ рейтинга студентов»

Форма 20

**2020-21 учебный год**

**2-курс 4-семестр группа Т(б)-2-19**

| **Ф.И.О. студента** | Средний балл студентов по |
|---|---|
| Эсенов Нооманжан Каныбекович | 71 |
| Иматова Тансулуу Ашрапжановна | 69,85 |
| Алишер уулу Бактыбек | 69,08 |
| Жумабаева Нурзат Алмазбековна | 64,92 |
| Тажибаева Асель | 62,85 |
| Жанибек кызы Айгеим | 62,54 |
| Камчыбек уулу Бекзат | 62,46 |
| Искендерова Жаркынай Абдыгапыровна | 61,54 |
| Абибилла уулу Шеримкул | 60,47 |
| Бекенова Нуриза Омаркуловна | 60,31 |
| Шакирова Айгерим | 57,29 |
| Талипова Уулбубу Абдыкадыровна | 56,93 |
| Алимбек уулу Самат | 55,29 |
| Гаипов Баймырза | 55,07 |

70

Scanned with CamScanner

# «Анализ рейтинга студентов»

Форма 20

2020-21 учебный год

1-курс 2-семестр группа Т(б)-1-20

| Ф.И.О. студента | Средний балл студентов по |
|---|---|
| Исмоилова Гулшода Акмалжановна | 73,18 |
| Тажимамат уулу Нурсаит | 72,27 |
| Увасилова Элзат Азаматовна | 68,92 |
| Кенжебек кызы Акылай | 68,45 |
| Тайрходжаева Мохирахон Мухаматазимовна | 68,27 |
| Абдукаюмова Айдана Адилбековна | 67,27 |
| Жумабекова Гультера Жолдубаевна | 66,33 |
| Мурзамидин кызы Буажар | 65,82 |
| Абдихалил уулу Абдыганы | 65,64 |
| Нурдинов Исхак Ндирбекович | 65,36 |
| Абдисаитов Сайпидин Элчибекович | 65,25 |
| Ураимов Кабыланбек Адылбекович | 65,25 |
| Акбарали кызы Нурзаада | 64,64 |
| Калдарбек кызы Диана | 64,58 |
| Нурсейит кызы Нуркыз | 64,36 |
| Шербеков Мухаммед Абдисалиевич | 63,55 |
| Гозиева Муккаддасхон Закировна | 63,5 |
| Дамирбек уулу Канатбек | 63,17 |
| Калмурзаева Айжамал Эрмаматовна | 60,91 |

Scanned with CamScanner

# «Анализ рейтинга студентов»

Форма 20

2020-21 учебный год

1-курс 2-семестр группа Т(б)-2-20

| Ф.И.О. студента | Средний балл студентов по |
|---|---|
| Орозалиева Диана Абдикеримовна | 72,36 |
| Якубова Мукаддасхон Асилбековна | 72,36 |
| Сатканбаева Мариям Камильевна | 72 |
| Полатова Ноилахон Муродилжоновна | 70,82 |
| Биханова Нурзада Жанбековна | 70,27 |
| Минбаев Данияр Исманалиевич | 69,45 |
| Сланбеков Камчыбек Полотбекович | 69,25 |
| Касимова Хадича Ильхомовна | 68,82 |
| Назиров Дилмуродбек Дилшодбек угли | 68,55 |
| Мирзаева Саида Адылжановна | 67,83 |
| Шергазы кызы Кызжибек | 67,67 |
| Топиволдиева Гулсорохон Шарифжановна | 67,45 |
| Тойчуев Абдимиталип Мамашарипович | 66 |
| Бакытбек уулу Жумабек | 65 |
| Калылов Айбек Нематиллаевич | 64,85 |
| Маматова Гулиза Мусобоевна | 64,82 |
| Жоошбек кызы Назира | 64,08 |
| Женишбек кызы Нуржамила | 63,75 |
| Рахманбердиева Амина Усоновна | 63,5 |
| Камчыбекова Нуркыз Камалидиновна | 62,67 |
| Курбанбекова Каныкей Максуталиевна | 62,55 |
| Умирзаков Убайдулла Тулкинжон угли | 56,79 |

Scanned with CamScanner

2020-21 учебный год

3-курс 6-семестр группа Т(б)-1-18

| Ф.И.О. студента | Средний балл студентов по |
|---|---|
| Кубанычбек уулу Рустам | 78,4 |
| Байтожиева Зулфизар Исмаиловна | 77,9 |
| Шарапов Нурболот Толонбекович | 73,2 |
| Абдирахим кызы Рабахан | 71,2 |
| Кылычбек кызы Дунуйокан | 69,9 |
| Арапбай кызы Диана | 69,3 |
| Мадалиев Усон Таирбекович | 68,5 |
| Атаханов Жавлонбек Насридиллоевич | 68,2 |
| Жусуп кызы Динара | 67,5 |
| Ысак кызы Айгерим | 67,5 |
| Исаханова Мунаввара Толкыналиевна | 67,3 |
| Ахметов Сарваржон Ихволидинович | 66,7 |
| Айдаров Дурустбек Баходирович | 66,3 |
| Кадырбекова Мырзайым Кадырбековна | 66,1 |
| Турдубай уулу Алтынбек | 66 |
| Жанибек уулу Нурсултан | 64,4 |
| Ташмурза кызы Айзат | 63,9 |
| Азимбек уулу Баламан | 53,2 |
| Абдумажит уулу Арсен | 34,65 |

Scanned with CamScanner

## 2020-21 учебный год

## 2-курс 4-семестр группа Т(б)-1-19

| Ф.И.О. студента | Средний балл студентов по |
|---|---|
| Темирбай кызы Айдана | 60,33 |
| Урматбекова Алина | 57,93 |
| Заирова Нургул | 57,53 |
| Зулпукаар кызы Назайым | 55,93 |
| Доманова Луиза Муминжоновна | 55,8 |
| Женалиева Айке | 55,53 |
| Максут кызы Адина | 54,87 |
| Мурат кызы Назокат | 54,4 |
| Касыбаева Сыргайым Азизбековна | 52,93 |
| Хаджиматов Кадырбек Абабакирович | 52,73 |
| Мирланбек уулу Курманбек | 50,8 |
| Орозмамат уулу Торонияз | 50,33 |
| Эргешев Мурат Абдыкеримович | |

Scanned with CamScanner

## «Анализ рейтинга студентов»

Форма 20

2020-21 учебный год

3-курс 6-семестр группа Т(б)-2-18

| Ф.И.О. студента | Средний балл студентов по |
|---|---|
| Самыйбеков Акжолбек Самыйбекович | 78,3 |
| Полотбек кызы Бегайым | 77,3 |
| Муратбек кызы Бурулкан | 73,7 |
| Ураим кызы Бусалиха | 71,7 |
| Бактыбек кызы Дилфуза | 71,2 |
| Мурзабек кызы Алтынай | 70,6 |
| Абдурахимова Асия Вахобовна | 70,3 |
| Алымкул кызы Айпарча | 69,6 |
| Акылбек кызы Нурай | 69,5 |
| Кулмамат кызы Гулбурак | 68,1 |
| Муса кызы Алина | 67,6 |
| Закиров Жаныш Бектемирович | 65,7 |
| Халмахамат кызы Мадинахон | 65,3 |
| Камчыев Алмаз Эмирланович | 65,2 |
| Алмаз уулу Нуржигит | 62,3 |

75ден жогору

Scanned with CamScanner

**Теология факультетинин студенттеринин сабактарга катышуусу боюнча маалымат (2021-жылдын 10–ноябрь)**

1-курс, Т(б)-1-21

| № | Предмет | Окутуучу | Студ-н саны | келбеген студент-р | келген студ. % |
|---|---|---|---|---|---|
| 1. | Педагогика | Абдыманап кызы А. | 20 | 17 3 | 97,8 |

1-курс, Т(б)-2-21

| № | Предмет | Окутуучу | Студ-н саны | келбеген студент-р | келген студ. % |
|---|---|---|---|---|---|
| 1. | Педагогика | Абдыманап кызы А. | 19 | 16 3 | 97,8 |

2-курс, Т(б)-1-20

| № | Предмет | Окутуучу | Студ-н саны | келбеген студент-р | келген студ. % |
|---|---|---|---|---|---|
| 1. | Диний терминдер | Абдуганиев А. | 19 | 1 | 99 |

2-курс, Т(б)-2- 20

| № | Предмет | Окутуучу | Студ-н саны | келбеген студент-р | келген студ. % |
|---|---|---|---|---|---|
| 1. | Диний терминдер | Абдуганиев А. | 18 | 2 | 97,8 |

4-курс, Т(б)-1-18

| № | Предмет | Окутуучу | Студ-н саны | келбеген студент-р | келген студ. % |
|---|---|---|---|---|---|
| 1. | Калам | Калбердиев А. | 25 | 4 | 94,8 |

1-курс, Тс-1-21

| № | Предмет | Окутуучу | Студ-н саны | келбеген студент-р | келген студ. % |
|---|---|---|---|---|---|
| 1. | Манас таануу | Апышева З. | 19 | 3 | 96,8 |

1-курс, Тс9-1-21

| № | Предмет | Окутуучу | Студ-н саны | келбеген студент-р | келген студ. % |
|---|---|---|---|---|---|
| 1. | Физика | Орозбаева А. | 21 | 5 | 92,5 |

2-курс, Тс-1-20

| № | Предмет | Окутуучу | Студ-н саны | келбеген студент-р | келген студ. % |
|---|---|---|---|---|---|
| 1. | Риторика | ~~Тажибаев С.~~ Нускабаев А. | 14 | 1 | 99 |

2-курс, Тс9-1-20

| № | Предмет | Окутуучу | Студ-н саны | келбеген студент-р | келген студ. % |
|---|---|---|---|---|---|
| 1. | Манас таануу | Апышева З. | 13 | 4 | 90 |

3-курс, Тс9-1-19

| № | Предмет | Окутуучу | Студ-н саны | келбеген студент-р | келген студ. % |
|---|---|---|---|---|---|
| 1. | Риторика | ~~Тажибаев С.~~ Нускабаев А. | 17 | 16 1 | 98,8 |

**Жалпы жыйынтык: 98,9%**

Scanned with CamScanner